


# Татына шаарым Таласым





ТАЛПЫНЫП КҮНГӨ КОЛ СУНГАН,
ТАЛАСЫМ ТОСОТ, КЕЛ ТУУГАН!

* 1994-жылдын 22-июнь күнү Талас жергесинин ордо шаары Таластын уюшулганына 50 жыл толот



* Маарекеңер кут болсун, кут конгон шаардын тургундары!

# ТАЛАС шаарынын ТАРЖЫМАЛЫ

Эгерде шаарлар, райондор өздөрүнүн «анкеталык белгилерин» толтурушууга туура келсе, анда биздин ордо шаарыбыздын анкетасы мындайча болмок:

— **Фамилиясы, аты, атасынын аты:**

— Талас облусу, Талас шаары.

— **Жашы:**

— Азыркы Талас шаары жайгашкан жерде 1874-жылы болгону он эки гана үй-бүлө турушкан. Алар Россиянын ичкеринен келишкен «көчмөндүүлөр» болуучу. Жергиликтүү калк бул жерди Ак-Чий деп аташчу. 1944-жылы бул айыл шаарга айландырылган. Ошентип, биздин ордо шаарыбыз Таластын тушоосу кесилген.

1933-жылдын биринчи октябрында Талас МТСинин саясий бөлүмүнүн «Жаңы-Турмуш» — деп аталган газетасынын алгачкы саны жарык көргөн. Азыркы учурдагы Талас райондук «Эмгек шаңы» газетасы анын «уландысы» болуп эсептелет.

— **1917-жылга чейинки жасаган иш-кесиби?**

— Ак-Чий айылынын чет-жакаларында бирин-экин үйлөр болгон. Эл отурукташа баштаган жер да саздак келип, камыштуу боло турган. Негизинен мал-сал менен алектенише турган.

«Көчмөндүү» орустар Ак-Чий айлына ыңгайлуу жайгашкандан кийин, эгин айдашып, жашылча-жемиш өстүрүшүп, тегирмен салышып, дүкөндөрүн ачышып, аздыр-көптүр соода-сатык иштерин да уюштура баштаган.

Жергиликтүү калк да «көргөнүн жасашып, буурусун менен жер чийишип, теминдеп эгин бастырышып, соода-сатык иштерине да аралашат...

— **Улуту:**

— Шаарда он беш улуттун өкүлдөрү— кыргыздар, орустар, казактар, өзүбектер, немистер, молдовандар, белорустар, түрүктөр... жашашат. Алардын жалпы максаттары да, тилеген тилектери да бир — ынтымак-ырыскерлик менен катаал тарткан базар экономикасынын «өткөөл көпүрөсүнөн» өтүп, тагдырга туш келген демократиялык мамлекеттин гүлдөп-өсүшүнө жетүү...

Таласта жалпы жашоочу калктын саны 34 миң адам.

— **Партиялуулугу:**

— Шаарда атайын катталган бир гана партия бар. Ал коммунисттик партия. СССР таратылгандан кийин жаштар уюмдары да «калыбына» келе элек.

Шаарда коомдун «күрөө-тамырын сезген» профсоюз уюмдары, карыялар Кеңеши, аялдар комитеттери (там-туң баскан) бар. Кантсе да алардын (акимдерге кол-кабыш кылган) жигердүү иштери анча көзгө көрүнөөрлүк эмес.

— **Билими:**

— Эл чыгармачылыгынын ар кыл тармагында жогорку маалыматтуу он миңден ашуун адам эмгек өтөйт.

Шаарда айыл чарба техникуму, медицина окуу жайы жана жети орто мектеп бар. Буларда 668 мугалимдер эмгектенишет. 7 миңден ашуун студенттер жана окуучулар билим алышууда. Кыргыз Республикасынын жана облустук Кеңештин эл депутаттары болуп шайланган шаардын белгилүү уул-кыздарынын саны да бир кыйла арбын.

Ак эмгектеринин үзүрүн көрүшүп, Таласта эл кадырлоосуна ээ болгон Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген белгилүү дарыгерлер, жаш муундардын дасыккан тарбиячылары — Чолпон Мамбетов, Нуржан Мырзаканов, Раиса Яковлевна Рысакова, Валентина Степановна Мосилченко, Чойубек Кушчубеков... дагы бир катар дилгир, өз кесибинин устат адистери эмгектенишет.

— **Географиялык абалы.**

— Талас шаары республиканын түндүк-батыш тарабынан

орун алган. Батыш тарабы Кыргыз кырка тоосу, түндүгү — Талас Ала-Тоосу менен чектеш.

Талас шаарынын кызыктуу келген дагы бир географиялык абалына да токтоло кетүүгө туура келет.

— Талас—түндүк кеңдигинин кырк экинчи градусунун жыйырманчы минутунда ($42^0, 20^1$) жайгашылган. Башкача айтканда ал параллель (Экватордго барабар жарыштык) Кавказ тоолору, Болгария, Югославия, Албанияны, айтылуу Италиянын Везувий вулканын, Испаниянын Пиренес тоосун, Американын белгилүү Чикаго шаарын кесип өтөт.

Талас аркылуу — $72^0$, $18^1$ мер диан (жер шаарынын помостары аркылуу жүргүзүлгөн сызык) өтөт. Бул сызык Батыш Сибирдин нефтилүү Сургут жана Индиянын айтылуу Бомбей шаарлары менен кездешет.

— **Чет өлкөлөрдө болгонбу?**

— Эл чарбасынын ар кыл тармагында иштеген ондогон эмгек адамдары жыл сайын туристтик жүрүштөр менен чет мамлекеттерге барып турушат. Өткөн жылы эле эки жүздөн ашуун адам Европанын борбордук өнүккөн өлкөлөрүндө — Германияда, Францияда, Англияда, Турцияда... болуп келишкен.

— **Улуу Ата Мекендик согушка катышканбы?**

— Ата-Мекен коркунучка туш болгондо, аны коргоого Таластан жүздөгөн адам сапар тарткан. Алар Москва, Ленинград, Сталинград шаарлар үчүн баатырдык менен салгылашкан. Варшава, Прага... шаарларын бошотууга, Берлин шаарын алууга катышышкан!

Талас шаарынан туулуп-өскөн жердешибиз Петрищев Василий Ивановичке согушта көрсөткөн эрдиги үчүн Советтер Союзунун Баатыры деген сыймыктуу наамга ээ болгон. Полковник Петрищев В. И. азыр Москва шаарында турат.

— **Мамлекеттик кандай сыйлыктарга ээ?**

— Андай сыйлыктары азырынча жок. Бирок, ондогон Талас шаарынын тургундары эл чарбачылыгынын өнүктүрүүдө бир катар орден медалдар менен сыйланган.

Бир эле мисал келтиргим келет. Талас шаарындагы дан азыктар комбинатынын эмгек жамааты акыркы он беш жылдын аралыгында он эки жолу Союздун жана Кыргыз Республикасынын өтмө Кызыл Тууларын жана Ардак грамоталарын жеңип алган. Комбинаттын ишкер жетекчиси, эмгек ардагери, бир катар мамлекеттик жогорку сыйлыктардын ээси Кеңешбек Нуржан уулу Кыргыз Республикасынын өнөр

жайына эмгек сиңирген ишмер деген баалуу сыйлыкка арзыган.

**— Талас шаары учурунда кандай иштер менен алек болуп келет?**

— Жашырган менен болобу, таластыктар азыр, жалпы журтчулугубуз кириптер болуп олтурган «базар экономикасынын саясатын» баштан кечирип олтурушат.

Аз эле убакыттын ичинде, жетимиш жылдан ашуун «бирдиктүү мамлекет» болуп келген СССР ыдырап... Союздук мамлекеттер өз алдынча — демократиялык эркин мамлекетке айланып... учурунда уланган жип «үзүлүп» азыр кыйла кысымтал турмуш — эл-журттун башында.

Кантсе да келечектен үмүт үзбөй, демократиялык мамлекеттин базасын бекемдөө, эл курсагын ач кылбай... деген аракеттер көрүлүүдө.

Таластын ордо шаарында да элдин турмуш-шарты өзгөрүлдү. «Жабыр тарткан ишканалар» там-туң басып, боор толгоп... көтөрүлө албай, убара чегип келишет. Кантсе да келечектен үмүт үзүлбөйт...

Бул күндөрү Талас шаарында 150дөн ашык мекеме-уюмдар, өнөр-жай ишканалары саналуу.

... Эки жүздөн ашуун менчик-ишканалар түзүлдү. 1200дөн ашуун өз алдынча соода-сатык менен күн көрүп, алек болгон чакан ишкана ээлери — ишкерлер пайда болушту.

Ошентип, таластыктар өздөрүнүн жарым кылымдык мааракетоюнун алдында «үзүлгөн турмушту» улоо менен алек...!

«Жакшы үмүт — жарым ырыс» — дегендей, Талас жергесине да жакшы жашоо — жакшы турмуштун келерине ишеним артыкча!

# УЛУУ тойду УТУРЛАП

*(Дил маек)*



Жумабеков Болот Жекшенович Бакай-Ата районундагы Миң-Булак айылынын кулуну. Адистиги инженер - куруучу, Бишкектеги политехникалык жогорку окуу жайын бүтүргөн.

Эмгек чыйырын Москва — Волгоград жолунда жумушчу болуп баштаган. 1981 — 1987-жылдары Талас областтык эксплуатациялык - линиялык, автоунаа-жол башкармасынын башкы инженери, начальниги, начальниктин орун басары болуп эмгек өтөгөн.

1987—1989-жылдары Кыргызстан Компартиясынын Талас шаардык комитетинин өнөр жай транспорт бөлүмүн башкарган. Бир жыл партиянын Талас шаардык комитетинин экинчи секретары, андан соң шаардык аткаруу комитеттин төрагасы, эл депу-

таттарынын шаардык Кеңешинин төрагасы болуп шайланган.

1992-жылдын апрелинде президенттин Указы менен Талас шаардык мамлекеттик администрация башчылыгына дайындалган.

**Жумурай журтчулугубуз XX кылымдын улуу окуяларынын бири болгон Манас Атабыздын 1000 жылдык улуу тоюн өткөрүүнүн алдында турат. Улуу маареке-той алдында Талас областынын ордо шаары Талас шаарынын жарым кылымдык маареке-тоюю да белгиленмекчи. Мына ушундай жагдайдан улам Талас шаарынын мамлекеттик администрация башчысы Болот Жекшенович Жумабеков менен азыноолак маектештик.**

— Турмуш абал кыйла кысымдап, экономикалык оор кырдаалга кириптер болуп олтурабыз, — деп сөзгө аралашты Болот Жекшенович. Күнүмдүк керектелүүчү азык-түлүктөрдүн, товарлардын кымбатташы элдин үрөйүн учургандай туюлат. Мындай кырдаалда биз базар мамилесин баштан өткөрүүгө туура келип олтурат. Убактылуу түзүлгөн мындай кырдаалдан канткенде чыгып кете алабыз? Биздин учурдагы жасап жаткан күч-аракетибиз ушул өңүттө болуп жатат.

**— Болот Жекшенович, эми мындай кысымтал турмуш журтчулугубуздун бардык эле булуң-бурчтарында өкүм сүрүүдө. Жаманчылыктын мойну кыска дешет. Андан көрө элибизге ыйман берсин. Бүгүн, эгер мүмкүн болсо, сиз менен маекти чарбалык көйгөйлүү проблемалардан эмес, элибиздин эртеңки келечеги жөнүндө кылсак дейбиз. Биздин угушубузга караганда сиздин маданиятка, адабиятка, спортко ышкылуу дешет?**

— Бул айтылган сөздүн чындыгы бар чыгар. Тээ бала кезден эле адабиятты жакшы көрөм. Ал эми маданият болсо ыйык нерсе да. Спортко болсо үй-бүлөбүз менен ынтызарбыз.

**— Болот Жекшенович азыресе рухий чоң байлык — китеп тууралуу сиздин оюңузду уксак?**

— Ооба, китеп бул күн нуру жер бетине кандай шоола чачса, жашообузга ал дал ошондой эле жарык нурун чачып турат. Аттиң, эгер кол бошураак болсо китеп окуганга эмне жетсин. Убакыт ушунчалык тартыш, тим эле көзүңдөн учат. Кийинки кездерде «технократтык» замандан уламбы, же ал аз келгенсип саясаттын буюккан өйдө-ылдый соккон стихиялуу шамалынан, ыбырсыган күнүмдүк тириликтин төө басты жүгүнөн уламбы, адам пенденин акыл оюна түбөлүк от та-

лызты болуп турган рухий асыл нарктарыбыздан окчундап, обочолонуп калып жаткандайбыз.

**— Тескерисинче ошол коңултак боштукту күнүмдүк жеңил-желпи нерселер уялап жаткан жокпу?**

— Калетсиз сөз. Көкүрөктөгү идеологиялык фанатизм деп кийин атаган коммунисттик идеологиянын бүтүндөй бир система менен бирге кыйрашы мына ошол боштукту жаратты. Мына ошол коңултак боштукту, кенемтени толтурар нерсе жок болуп жатпайбы. Руху жок элдин — эртеңи жок. Ошондуктан жаңагыл боштукка, сен айткандай жеңил-желпи, күнүмдүк нерселер кебүк шилеген агымдай шаркырап кирип жатат. Турмуштун кыйынчылыгына кошул-ташыл адепсиздик, аракечтик, айтор, адам кесиетине туура келбеген ар кандай тескери жорук-жосундар күнүмкү адетке айланып бараткансыйт...

**— Демек, жаңы улуттук идеологиянын зарылдыгын турмуш өзү каңкуулап турбасын?**

— Улуттук идеология жөнүндө эң алгач чыгаан жазуучубуз Чыңгыз акебиз сөз кылды эле. Кийин Президент да колдой баштады. Анын жалпы стратегиясы жөнүндө президентибиз өзүнүн программасында да жазып чыкты го. Дегиңкиси, улуттук идеологиянын алгачкы көрөңгөсү бар, тек гана аны топтоштуруп концепция кылып иштеп чыгып, турмушка ашыруунун механизмдерин тактоо керек.

**— Өздүк китепканаңыздын казынасы канчалык?**

— Өтө көп деп айта албаймын. Бирок, арбын эле. Бош убакыт болсо шаардагы китепканаларга басып баргандан эринбейм.

**— Китепти кыргызча окуйсузбу?**

— Мен мурда жалаң орусча окучумун. Бирок кыргыздын уулу болуп туруп анан кыргызча чалдыр-чулдур сүйлөгөндөн өткөн трагедия жок окшойт. Кыргызча асыл сөздөрдү бермет тергендей терип, күнүмдүк сүйлөө речиме пайдаланууга аракет жасап келем.

Депутаттарды мындай коёлу, аттуу баштуу эле жетекчилердин бир ооз кыргызча сүйлөбөгөнү да көңүлүңдү калтырып, иренжитет турбайбы.

**— Айтыңызчы Болот Жекшенович, учурда аким болуу оңойбу? Аким десе эле көпчүлүктүн көзүнө ак Волганын ак мамыгында чалкалап жүргөндөр, заңгыраган ак сарайда жашагандар элестейт?**

— Кайдан жеңил болсун. Областтын борбор шаарын мын-







**Шаарыбыздын өнүгүп-өсүшүнө жигердүү эмгек салымын кошуп жаткан атуулдары:**

**Облустук мамлекеттик администрация башчысы Т. КАСЫМОВ, жердешибиз Советтер Союзунун Баатыры В. П. ПЕТРИЩЕВ, Союздун туңгуч депутаты Т. КЕРИМБЕКОВ.**

дай коёлу, чакан-чукан эле ишкана-уюмду башкаруу азыр бир топ кыйын. Каерге барсаң көкөй кести проблема. Шаарыбыз чакан болгону менен иш деген чачтан көп. Коммуникация, турмуш-тиричилик маселелерин мындай коёлу, элди кыштан алып чыгуу өзүнчө олуттуу маселе. Мени жана менин орун басарларымдын түн уйкусун бузган нерсе ушул. Өзүңүздөр билесиздер көмүр, отун аябай кымбаттап, шаар элинин көпчүлүгү аны сатып алууга кудурети келбей жатат. Эптеп электр энергиясына карап калышты. Өзгөчө көп кабаттуу үйлөрдө жашагандарга өткөн кышта кыйын болду. Мазуттун тартыштыгынан үйлөр жылытылбай, бул аз келгенсип газ дагы кыйла азайды. Анан калса электр энергиясынын үзгүлтүк менен берилиши кошумча азапты пайда кылууда.

Буйруса келерки кышта көп кабаттуу үйлөрдү электр кубаттуулугу менен жылытууга өткөрөбүз. Сөздүн кыскасы шаар акиминин иши мурдагыдай суктанарлык эмес. Эми ак мамык волгалар жөнүндө, иш деп чапкылап жүргөндө машинаң бузулуп орто жолдо калсаң, мындан тозок нерсе жок той. Анан калса илгертен «Жакшы жигит күлүгүн таптап минет» деген кеп бар эмеспи.

**— Бирок областа эл акыркы учурда ГАЗ-31 маркасындагы волгалар жер жайнап кеткенин кеп кылышат?**


— Мүмкүн кээ бирөөлөрдүн иши чактуу болсо деле, атаандашып минип жатышса керек. Эгер иштин баары шайма-шай ойдогудай болуп турса, мен ошол волганы минбей деле коёт элем. Бирок убакыт тартыш, ары-бери чапкылоого туура келет.

**— Болот Жекшенович, сиздин дагы заңгыраган ак сарайыңыз барбы?**

— Оо, андай болсо сонун болбойт беле (күлүп) он — он беш жылдан бери «спецполиклиниканын» жанындагы «казенный» үйдө эле жашайм. Албетте заңгыратып үй салып койсо деле болот эле го. Бирок, ыйман, уят жол бербейт экен. Жанагы бийликтегилерди элден бөлүп иренжитип жаткан нерсе ошол да.

**— Эми кептин нугун алдыдагы улуу той — Манас Атабыздын 1000 жылдык маарекесине даярдыктын жүрүшүнө бурсак. Айтмакчы, ушуга Талас шаарынын жарым кылымдык маарекесинин туш келип отурушу абдан символикалуу. Сыягы улуу тойдо жүктү таластыктар көбүрөөк аркалайт окшойт.**

— Оо, Манас Атанын 1000 жылдык маарекесин ойлогондо



Шаардык мамлекеттик администрациянын эмгек жамааты.





А. АЛДАШҮКҮРОВ, У Дмитрий ЛИНОВИЧ.

тулку боюм дүркүрөп кетет. Абдан чоң жоопкерчилик да. Даярдык көрүүнүн өзү не деген жумуш. Бирок, бир нерсе жүрөктү өйүүдө. Ал жөнүндө областтык сессияда да айттым. Анткени, областтык бюджетке жалпы кирешенин 75 проценти чегерилип, 25 проценти гана өзүбүздө калат. Эгер биздин ойдогудай, жалпы кирешенин 55 проценти областтык бюджетке кетип, калганы шаарда калса көп маселени чечүүгө болот эле. Улуу маракеге даярдык көрүүгө эң чоң өбөлгө болмок. Биздин шаардын жарым кылымдык тою менимче улуу тойго аздыр-көптүр «репетиция» болот го деп ойлоймм. Буйруса улуу тойго карата шаардагы маданият үйү, областтык оорукананын имараты жана башка бир нече объектилер ишке берилет деген үмүттө келебиз.

Сессияда менин оюмду колдогондор да болду. Бирок талаш-тартыш жүрүп, менин пикирим кудукка түшкөн таштай эле жыйынтыгы жок болуп калды. Сырьенун жоктугунан көпчүлүк ишканалар токтоп турганда, бул абдан эле тынчсыздана турган нерсе.

**— Шаар турмушу жөнүндө тереңдеп кеп козгой кетсеңиз.**

— Эң негизги эле иш азыр калкты, өзгөчө жардамга муктаж элдин катмарын социалдык жактан коргоо, чынында эле азыркы заманда карапайым адамдарга оор болуп жатат. Менин көкүрөгүмдү өйүп турган нерсе ушул. Колдон келген ишти жасап жатабыз, бирок ал жетишсиз болууда. Бирок да калкка социалдык колдоо көрсөтүүдө республикадагы беш мыкты «пятеркага» (район, шаарга) кирип калыпбыз. Нарындын эли Чүйгө эмне үчүн токтоосуз агылып келүүдө. Артында ийиндеш улуу Кытай бар, эркин зона, бирок көчүп жатат. Демек калкты социалдык жактан коргоо мезгилдин эң олуттуу маселеси. Керек болсо мамлекеттин саясатындагы ургалдуу маселе.

**— Баса өткөн жылы шаардагы бюджеттегилерди бир ыраазы кылдыңыздар. Эгинди кайдан алдыңыздар?**

— Аның ырас. Шаарда эгин да, ун да жок дениздерчи. Азыр чарбалар эле ме айланайын деп бере койбойт. Ары-бери чапкылап, сөзгө-кепке ийгерип дегендей... Шаардагы 5560 адам бир каптан эң арзан унду сатып алышты. Мындан тышкары шаардагы ардагерлерге арзан баада көмүр түшүрүүнү салт кылып алдык. Ошондой эле согуштун ардагерлерине — ар бирине 140 сомдун тегерегинде дары-дармектер акысыз берилүүдө.





□

Талас жергесинде, асыресе көз мончоктой чакан шаарыбызда дан комбинатынын, нан заводунун жана жүк ташуучу автоунаа ишканасынын кошуп жаткан салымы баалуу.

Ишкананын жетекчилери **К. НУРЖАНОВ, Ө. ОСМОНОВ, С. КУЛНАЗАРОВ.**



□

Райондун акимдери айтып калышат. «Ой, Болот, сен деги кайдагыларды ойлоп — таап жатасың? Биздин эл да тынчыбызды алмай болду». Дагы былтыркыдай иш жасап, бюджеттегилерди арзан ун менен ыраазы кылсак дейбиз.

**— Калкты социалдык жактан коргоодо соода уюмдарынын дээрлик менчиктештирилип кетиши өзүнүн тескери таасирин тийгизбей койгон жок окшойт?**

— Албетте, мурун ардагерлердин, жалпы эле элдин муктаждыктарын эске алып, жардам берүү ыңгайлуу болуучу. Эми шаардагы мамлекеттик үч дүкөн менен эмне иш кыла аласың. Анан калса акчанын кассалык жүгүртүлүшү начар болууда. Бул иште биздин облус республикада эң акыркы орунда экен. Казынадан кеткен 100 сомдун 15—30 сому гана кайра кайтарылууда. Жалаң эле соода тармагы эмес, калкты тейлөөчү башка объектилер да менчиктештирилгенден кийин, чеке жылыткан натыйжа бербей жатат. Мисалы, турмуш-тиричилик үйүндөгү абал кантип жан кейитбейт.

**— Өрөөнүбүздөгү жападан жалгыз кыш заводу дагы ошол кейипти кийип калбадыбы? Азыр таланып-тонолуп бүтүп калды сыяктанат?**

—Ооба, менчиктештирүүнүн ушундай «кара тактары» бар. Мен өкмөттөн бир нече ирет көрсөтмө, буйрук келгендигине карабастан заводду менчикке бере албайбыз дедим. Бүтүндөй шаар, облус килейген заводду иштете албай жатса, бир кыялкеч жигит «800 миң сом насыя бергиле» мен иштетем» дейт. Азыр жок эле дегенде 1 миллион сом керек. Бул акча каражатын табуу абдан оор.

**— Социалдык коргоонун булагын кайдан аласыздар?**

— Бюджетке түшкөн жалпы кирешенин 30 процентинен, бирок жана айтып кеткендей, ал да азайып олтурбайбы. Мисалы, жаштарга да жардам берсек жакшы болот эле го. Манас Атабыздын миң жылдык маарекесине келаткан меймандар шаардын дарбазасы болгон күн батыш жактагы аймактан заңгыраган кооз үйлөрдү көрсө кандай сонун болот эле. Баягы айтылып жүргөн Жалал-Абаддагы «төбөлдөрдүн ак сарайларын» көрдүм. Тим эле кооз. Ал жакка дарылануугa баргам. Биздин шаарда деле андай үйлөр жок эмес. Болгону 60—70 үй бир жерге чогуу салыныптыр ал жерде. Анын үстүнө колунда байлыгы, бийлиги барлардын үйлөрү экен. Көзгө бат түшет эмеспи. Социалдык акыйкаттуулук деген да керек го. Карапайым адамдардын кыжырлары ошого келсе керек.



Кыйын кезең турмушка карабай шаардын жашоо тиричилигине өз үлүштөрүн кошуп жатышкан эмгек жамааттарынын жетекчилери К. ТУРСАЛИЕВ. А. КЕНЕСАРИЕВ, Р. ЖАКЫПОВА жана А. КАРТАҢБАЕВ.

**— Сиз уруучулукка, жердешчиликке кандай карайсыз?**

— Уруучулук, жердешчилик, бөлүнүп-жарылмай ой өрүштүн пастыгынан, тайыздыгынан келип чыгат. Ооба, тууган бир жакшылыкта, бир жамандыкта керек. Анан эле болбогон нерсеге, мисалы депутаттыкты же папкени талашууда элди уруу-урууга, жикке бөлүп чабыштырып жиберүү наадандык. Минтип отура берсек өзүбүздү өзүбүз жеп бүтүрөбүз. Улуу Манастын саясатындагыдай муштумдай түйүлгөн бекем биримдик керек. Улутубуздун келечеги, гүлдөп өсүшү биримдикте жатат.

**— Өткөн жылды шаар кандай аяктады?**

— Өткөн жылы бизге оңой-олтоң болгон жок. Экономикалык, чарбалык байланыштардын үзүлүшү, инфляциянын өсүшү бир кыйла жүдөттү. Көпчүлүк ишкана уюмдар эптеп жашоонун күнүн көрүп калышты. Бирок жаңы изденүүлөр, аракет көрүлүп жатат. Талас шаары Нарын, Ысык-Көлдөн озуп, Чүй областы жана Бишкек шаарынын деңгээлинде келатат. Келечекте өндүрүштү өнөр жайды өнүктүрүү үчүн чакан ишканаларга кеңири жол беребиз. Өндүрүшсүз экономикабыз оңолбойт.

**— Сизге акыркы соболубуз болсун. Талас шаары көз мончоктой кооз шаарга айланып баратат. Мына, анын жарым кылымдык мааракеси босогодо турат. Канткен менен шаардын калыптанышына, өсүп-өнүгүшүнө далай адамдар эмгек сиңирген чыгар. Ошолор жөнүндө да эскере кетсеңиз?**



— Ооба, ал калетсиз сөз. Шаардын өсүп-өнүгүшүнө бир топ адамдар эмгек сиңирди. Алардын баарын айтып берүү кыйын. Ошондой болсо да белгилүү инсандардын ысымдарын атай кетели. Элибизге белгилүү инсандар Каарыке Абдраев,

Эсенбек Дүйшеев, Дастан Сарыгулов, Мукталы Аманов, Олег Павлович Михайлов, Евгений Семененко, Акрам Койчукулов, Исмаил Масаитовдордун эмгектерин кантип унуталы. Көзү өтүп кетсе да раматылык Ислам Сарыгулов, Турусбек Алымбеков сыяктуу адамдардын эмгектери да эч качан жадыбыздан чыкпайт.

**— Анда эмесе ишиңиздерге ийгилик каалайбыз. Маек куруп, сыр төгүшкөнүңүзгө чоң рахмат.**



# ӨТКӨН күндөргө серп САЛЫП...

... Эшик ачылганда чыканактай болгон арыкчырай, кыймыл-аракети «жандуу», аярдуу сөз каткан байбичеге теке мандай кабылдык.

— Кириңиздер, Перевёртов ушул үйдө турат. Мен байбичеси болом — Раиса Петровна десеңер болот, Нестарева. Келген жайыбызды айттык. Раиса Петровна да бир аз ыңгайсыз абалда, эмнегедир бүйшүккөндөй үн катты:

— Макул, жолугуштурайын... Ачыгын айтсам Григорий Ефимовичтин абалы деле анча болбой турат. Кырсыкка айла жок экен, мындан эки күн мурда тайып жыгылып, жамбашын чыгарып алып, жаңы менен алек болуп жатат. Келген жайыбызды айттык. Раиса Петровна да бир аз ыңгайсыз абалда, эмнегедир бүйшүккөндөй үн катты:



Биз дагы ыңгайсыз абалда калгандай болдук. Кантсе да (мынча болду) ал-жай сурашып кайтууну ыктуудай көрдүк.

Олбурлуу адам эски кроватта жатыптыр. Буттарын аса байлап коюшкан. Кара терге «бастырып» алыптыр. Эски сүлгү менен маңдайынан чыпылдай чыккан терин улам аарчып коёт. Баш ийкешип учураштык.

— Кооптонбой эле коюңуздар. Чоочулабагыла. Андан көрө жакын олтургула. Григорий Ефимович кыргызча таптак сүйлөп, биздин бүшүркүгөн абалыбызды жеңилдеткендей болду.

— Эч нерсе эмес. Ушинтип, кырсык чалып жыгылып... Ооруган жерлеримди өзүм ушалап («жан» киргизип») жаткан элем. Антпесем сыздатып ооруй берчүдөй... Бир аптада, бир аптада, буйруса, жеңилденип калчудаймын. Григорий Ефимович сергек, сезимтал адам экен. Кыйналып жатканын анча билгизбей, бизди да бат эле кепке тартып алганын сезбей калыптырбыз. Анан өмүр жолунан аярдуу кеп салып олтурду:


— Тагдырдын жазымышына айла жок окшойт. Болбосо Россиянын ичкеринен (Тамбов облусунун Моршан аймагындагы Эски-Новус кыштагынанмын) келип, кыргыз жергесине (ак караны тааный элек мезгилде) өмүр бою эмгек өтөп, акыры жарым кылым ушул саздактуу, камыштуу келген жерден көз жарып, өсүп-өнүгүп чыккан көз мончоктой Талас шаарында туруктуу жашап калам деп ким ойлоптур?!

**— Григорий Ефимович сиз кыргыз жергесине кайсы жылы кандай шарт менен келдиңиз эле?**

—Оо, ал жылдардын кадамы алыс калды. 1935-жылдын коңур күзү болуучу. Комсомолдун жолдомосун бетке кармап... Жаштыктын деми да! Жакшы жери менин бир аз өнөрчүлүгүм бар эле, — жыгач усталыкты кадыресе үйрөнүп алган болуучумун. Раматылык атам — устатым эле. Менин убайымымды да жакшы көрбөй калды. Жеткен чебер уста адам эле. Анан Бишкек кааласында курулуш ишине аралашып ачты, – токту сезбей иштеп калдык. Тыңдуу жатаар жерибиз да жок – барак тибиндеги жатаканадан күн өткөрчүбүз. Комсомол – жаштардын ишине аралашып кеттим. Ал мезгилде – согуштун алды. Турмуш-тиричилик жааты деле анчалык эмес. Тартыштык кыйла эле сезилип турар эле.

Көп узабай мени комсомолдук, партиялык кызматка тар-





СҮРӨТТӨ: Республикабызга эмгек сиңирген мугалим РЫСАКОВА Раиса ЯКОВЛЕВНА өзү уюштурган музейинде.
Шаардык элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы Т. ТИЛЕКМАТОВ шаардын алдыңкы мугалимдери менен.

тышты. Өз алдымча окуп-үйрөнүүгө туура келди. Коомдук саясий иш-чараларга катышып... эстүү адамдардын акыл-насаатын уктук. Акыры Кыргызстан Компартиясында нускоочу болуп иштеп жүрүп, 1938—1943-жылдары Рыбачье (азыркы Балыкчы) жана Түп райкомдорунун биринчи секретары болуп эмгек өтөдүм.

1943-жылы согушка аттандым. Согушта батальондо партиялык уюмдун катчысы болуп иштедим. Эсте каларлык нерсе — Берлинди алууга, Японияны багынтууга катыштым. 1946-жылы тагдыр буйруп Талас жергесине келдим. Талас шаарынын аткаруу комитетинин төрагалык кызматын аркаладым. Мага чейин Радионов В. В. деген адам эмгек өтөптүр.

Талас шаарынын өмүр жолун (тарыхын) жакшы билерсиздер. Анын очогун 1874-жылы Россиядан келишкен он эки түтүн «көчмөндөр» жагышкан экен. Алар Талас токоюна жакын, дарыя боюна жай салышып отурукташкан. Ак-Чий, Дмитревка деп аталып келип, акыры Талас өзүнүн легендалуу атын 1944-жылы алган.

**— Григорий Ефимович, Таластын Сиз келген туштагы абалына да азыноолак токтоло кетсеңиз?**

— Таластын отурукташкан жери, негизинен саздак, чытырман камыш өскөн жер экен. Мен келгенде болочок шаардын эки гана көчөсү боло турган. Салынган бирин-экин жалпак үйлөр... Алгачкы турак үйлөр шаарда азыркы Шевченко көчөсүнө салына баштаган. Болгону шаарда кичинекей тегирменибиз болор эле. Көп узабай өнөр жай комбинаты курулду. Анда кийиз чокой жасалып, жылуу кийимдер тигилер эле. Суусундуктар даярдалуучу артель да ишке киришип, элди тейлей турган турмуш-тиричилик комбинаты да там-туң басып калган. Согуштан кийинки жылдары... Ачкан курсак тоюнбай, айрылган кийим бүтөлбөй далай күндөрдүн күбөсү болдум. Кантсе да, ал мезгилде элдин духу башкача эле. Эл бири-бирине кайрымдуу келүүчү. Бири-бирине жөлөк-таяк болушуп...

1948-жылы Талас шаарына жаңы отурукташкан геология партиясына ишке которулдум — чарба иштери боюнча орун басары болуп он беш жыл такай иштедим. Адилеттүүлүк менен сөз кылган оң. Ошол таптагы шаардагы өнөр жай ишканаларынын эң бакыбаты (акча каражаты жана техника жагынан да) ошол геология партиясы эле. Ал партиянын эмгек жамаатынын шаардын өнүгүп-өсүшүнө кошкон салымы ба-

□

Эл эмгектен алкайт. Калетсиз айтылган кеп. Д. САРЫГУЛОВ, кече жакында эле облусту жетектеп, жылуу-жумшак сөзгө алынган.

М. АКНАЗАРОВА — облустук Кеңештин төрайымы.

К. ДАРДАНОВ — облустук мамлекеттик администрация башчысынын орун басары.

□







раандуу болду. Азыркы Лениндин айкели турган көк жашыл аянтты курчаган, окшош имараттар дал ошол геологдордун жардамы менен курулган. Ошондой эле алардын баалуу жардамы менен Шевченко көчөсүндөгү алгачкы бир катар турак жайлар салынып, таластыктарды далай кубанычка бөлөшкөн.

**— Григорий Ефимович, эл Сизди Таластын аэропортун жана эс алуу жайын түптөшүүгө да дилгирлик менен катышкан дешип кеп кылып жүрүшөт го?**

— Оо, оңолбогон карылык десе. Ал ырасында эсимден чыгып кеткен тура. Аэропорт 1948-жылы калыбына келген. Анткени кош канаттуу учагарлар учуп-конуп (коркунучсуз) калышкан. Ал мурда береги Беш-Таштын оозундагы Иоганесдорф айылына жакын боло турган. Ал мезгилде көлүк жок. Эл далай убара тартышкан.

Талас эс алуу жайы 1952—1953-жылдары тигилди. Элден айланса болот. Элдин күчү менен өсүп жетилди. Ыктуу нерсени учурунда айта кеткен дурус го. Таласты жашылдандыруу, анын курулуштарын көтөрүүдө көбүн эсе комсомол-жаштардын жалындуу иштери баалуу болгон. Андай иштер тирүүчүлүктө эстен чыкпайт го.

**— Григорий Ефимович, биздин акыркы суроobуз болсун. Өзүңүздүн учурдагы үй-бүлөлүк шартыңызды, өмүр жолуңуздагы мерчемдүү сыйлыктарыңыз тууралында да сөз кыла кетсеңиз?**

— Алгачкы байбичемден «кол үзгөнүмө» көп болду. Турмуш экен — Раиса Петровна менен 1966-жылдан бери ынтымак-ызааткерликте жашап келебиз. Эки уул, бир кызым бар. Он небере-чөбүрөлүү болдум. Кудайга шүгүрчүлүк кылам.

Адам эмгегин ыгы менен баалап турганга эмне жетсин?! Мен да андай сыйдан кур эмесмин. Кызыл Жылдыз ордени, эки жолу Ата Мекендик согуштун II даражадагы ордендери менен сыйлангам. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эки курдай Ардак грамотасына арзыгам. Бир катар баалуу медалдар бар. Персоналдык пенсиядамын.

**— Айтмакчы, Григорий Ефимович, өзүңүз түптөшүп, анын өнүгүп-өсүшүнө жигердүү салым кошкон Талас шаарынын жарым кылымдык мааракe-тоюнун алдында таластык жердештериңе кандай каалооңуз бар?**

— Таласым — менин кыйбас Мекеним болуп калды! Талас эли кайрымдуу, ыймандуу келет. Чыдамкай келет, эмгекчил келет. Теңирим алардан ушул касиеттеринен айрыбаса

экен деп тилек кылам. Мындай символикалуу маараке — тойго катышып олтургандын өзү — бактылуулук эмеспи!

— Бар болуңуздар, урматтуу эмгек ардагерлери — Григорий Ефимович, Раиса Петровна!

Биз да жылуу-жумшак кош айтыштык.



# ТАЛАСТАН таптым ТААЛАЙДЫ

## Жүз ачар ордуна

Софья Иосифовна Сильченкону сыягы ушул тапта шаардыктардын көбү. эле анчалык тааный бербесе керек. Чачтарын эбак бубак басып карылык кирип калган бул адам кең Таластын оюнда, Талас дайрасынын боюнда шаардын түндүгүн көтөрүп, керегесин жайып түптөгөнгө жалындуу жаштык курагын жумшаган. 1965-жылдан 1978-жылга чейин шаардын мэри болуп үзгүлтүксүз эмгектенген.



Шаар жарым кылымга толуп, күн санап өсүп бараткандa Софья Иосифовна шаардын алгачкы өсүп-өнүгүү мезгили жөнүндө ой толгойт.

## „Полуторка“ менен Мекенге

— Кептин чыны, мен Таласка кокусунан келип калгам. 1946-жылы Кыргызстанга жогорку окуу жайынын багыттамасы боюнча жиберилгенбиз. Төрт жылы Чүйдө райондун борбору Ивановкада иштеп жашадым. Шарт сонун болчу. Кол созсоң борбор калаа. Театрга барам десең, киного барам десең өз эркиң. Анан эле мени жаш адиссиң дешип чукулунан эле Таласка жиберип калышса болобу. Таластагы май заводдо технологдук кызматты аткарасың дешти.

Ой, биринчи жолу укканда бүшүркөп аябай тынчсыздандым. Эгерим угуп көрбөгөн тоо арасындагы жер болсо. Бирок Талас кундуздай токойлуу, жашыл ыраңга оролгон, тигил жагында күрпүлдөп аккан тунук дайрасы бар керемет жер экен. Кийин мына ушул керемет жер менин жүрөгүмдө Мекен деген ыйык сезимди жаратты.


Ошентип 1950-жылы октябрь айынын караңгы түнүндө Таласка келдим «полутарка» машине менен. А бул жерде болсо көзгө сайса көрүнгүс караңгы экен. Электр жарыгы жок. Жол болсо ой-чуңкур. Май заводдо бардык иштер кол күчү менен жасалчу. Ал азыркы Ленин көчөсүндөгү эскилиги жеткен жайда орношкон эле. Кийин коомдук тамактануу жайы «спецмагазин» болду го. Ал жерден кийинчерээк деле мектептердин, бала бакчалардын экспедиторлору азык-түлүк алып жүрүшпөдүбү.

Бет мандайында эски оорукана бар болуучу. Мен болсо жакын эле жерде тепкедей кичинекей бөлмөгө ижарага туруп калдым. Бир күнү цехтин шыбы түшүп, чаңы асманга сапырылып калды. Мына ошондо гана май заводунун жаңы имараты курула баштады. Өмүрүмдүн он беш жылын ошол май заводго арнадым. Технологдон баштап өндүрүш бөлүмүнүн башчысы, акырында төрт жарым жыл директор болуп иштедим.

## Мэрдин биринчи ийгилиги

Апрель айында мени шашылыш эле шаардык аткаруу комитетинин төрагалыгына шайлап салышты. Ох, алгач ишке сүңгүп кирүү абдан эле кыйын болду. Шаардын чарбасы абдан чабал эле, ал убакта. Шаардын курулушун көбүрөөк





Саламаттык сактоо ишинде жергебиздеги алгачкы окуу жайынан болгон Талас шаарындагы медициналык окуу жайы кадрларды даярдоодо ролу чоң. Окуу жайдын деректири Г. ОРОЗАЛИЕВА эмгек жамааты менен.

Даңазалуу дарыгер жердешибиз ЧОЛПОН МАМБЕТОВ.

курууга канчалык далалат кылган менен акчанын тартыштыгы кендирди кесип турар эле.

Күзүндө Фрунзеге барып, шаардын бюджетин бөлдүрүп коргоп келүүгө туура келди. Ошол барышта өжөрдөнүп жатып коммуналдык чарбасына бир экскаватор бөлдүрүп келдим. Себеби башкасын мындай коелу шаардык мусулман эмес улуттагылар бейитти кол менен казышканын айтып даттанышчу.

Ошол учурдагы Госпландын төрагасы Моисеев менин албууттанган, бир туруп «баео» жоругума чындап күлдү. Бирок жардамын берди. Ошентип биздин коммуналдык чарба өзүнүн биринчи экскаваторун алган. Кийин ишке каныгып калган соң жумуш түзүк жүрө баштады. Колдон келишинче шаар келбетин жакшыртып, социалдык-маданий турак жайларын тезирээк курууга аракеттендик. Ал мезгилде бул маселеге олуттуу көңүл бурулуучу. Маселен, Ленин көчөсүндөгү ак тегирменден тартып, азыркы А. Нуржанов атындагы колхоздун сүт товар фермасына чейинки жолду асфальттоо үчүн 450 миң сом чыгымдалган. Бул аябагандай чоң акча эле. Ошол мезгилде бюджет мындай бөлүнчү: бардык акча каражаттары республикалык бюджетке түшөт. Андан соң кыбыр эткен керектүү иштерге бөлүнөт.

Ошол учурда бала бакчалардагы абал бир топ татаал эле. Балдарын бала бакчаларга берүүгө болгон кезек көп болуучу. Андыктан биз тезирээк экинчи, үчүнчү, төртүнчү бала бакчаларына кураштырып, турак жай салып жибердик. Кийин кыйла ыңгайлуу, кооз № 6, 7, 8, 9 бала бакчалар пайда болду.

Азыр көпчүлүк бала-бакчалар бош, ээн турганына ишенбей кетемин. Ошол мезгилде төрагалык учурумду эстеп таң каламын. Себеби аткаруу комитетинин төрагасынын кийлигишпеген, башы оорубаган иши жок болуучу. Жаш бөбөктөрдүн ден соолугуна кам көрүүдөн баштап дүкөндөрдүн текчелеринде эмне азык-түлүктөр бар, мектеп окуучулары түшкүсүн ысык тамак ичип жатышабы, шаардыктар үчүн көңүлдүү эс алуу уюштурулганбы, мына ушул сыяктууларга деле түн уйкудан кете берчү. Ошондуктан мен иштеп турганда көпчүлүк ишканаларда, бардык мектептерде ашканалар ачылган. Ал эми кээ бир шарты жок жерлерде чакан буфеттер иштей баштаган. Төрөт үйү курулган. Балдар жана терапия бөлүмдөрүнүн ооруканалары салынган. Азыркы № 1-мектептин түбү түптөлүп, курулган. Көп турак жайлар ошол мезгилде

ишке берилди. Колдон келишинче мугалимдерге, медицина кызматкерлерине турак жайларды берүүгө аракет жасоочубуз. Анткени жакшы хирург, таланттуу мугалим шаарга абдан зарыл деп эсептелүүчү.

## Шаар келбетине келе баштады

Мурда Таласка алгач келгенимде тоо арасындагы кыштакка келгендей сезсем, эми шаарыбыз таза, ыңгайлуу дурус шарттары бар шаарга айланса экен деп кара жанымды карч уруп иштей баштадым. Кийинчерээк борбордук көчөлөрдү асфальттай баштадык. Четкеректерин ишкана, мекемелерге бөлүштүрүп бердик эле алар шагыл төшөп, тегиздөөгө өтүштү.

Сөз башында айтылгандай ошол жылдары социалдык-маданий багыттагы иштерге көбүрөөк көңүл бөлүнүп, кинотеатрдын, аптеканын имараттары курула баштады. Мурдагы аптеканын имараты эски болгондуктан дары-дармектер көгөрүп жарабай кетчү экен. Муздаткыч жайы, техникалык тейлөө станциясы, автобекет, № 1-мектептин имараттары пайда болду. № 2-мектепке кураштырма курулуш иштери жүргүзүлдү. Гүлбакчаны өстүрүүчү жайды ишке киргиздик. Буга шаардыктар аябай кубанышты. Ошол эле жылдары шаарда телефон байланыштарынын пункту пайда болду. Маданият үйү курулду. (ал убакта Митрошин деректир). Маданият үйү аңгырабай, көпчүлүк эл эс алуу убактысын ошол жерде өткөрүүнү салт кылып алышты. Ар кандай кружоктор, ийримдер иштей баштады. Шаардагы стадион реконструкцияланып, ал шаардыктардын сүйүктүү жайына айланып кетти. Шаардын борбордук багындагы бий аянтын кайра жабдыдык. Ошондой эле балдардын жана уландардын спорттук залы курулду.

Мына ушунун баары менин көз алдымдан жана жүрөгүмдөн өттү. Мен булардын эч бирин унута албаймын. Ал тургай шаар турмушунун кичинекей бир үзүмү да эсимден кетпейт. Мисалы шаарда «оптика» дүкөнү жок болуучу. Оорулуу адамдар Жамбылга, Бишкекке барышып, заказ беришип убара болушчу. Алардын өтүнүчтөрү боюнча көп кабаттуу үйдөн жай бөлүп бердик. Медиктер керектүү нерселер менен жабдыганга жардам беришти.

Ошондой эле бүгүнкү күнү ардагерлер курман болгон

жоокерлерге тургузулган кара бактагы эстеликти алып көрөлү. Аны 1965-жылы, 9-майга карата курганбыз, бизге ал учурда аерден ылайык жай табылган эмес. Аны ошол учурдагы «Ремстрой» башкармасынын начальниги, Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу Виктор Дмитриевич Шингарев ишти жетектеп, жумушчулар да зор шыктануу менен курушту. Мүмкүн эстеликти көчүрүүнүн, кайра куруунун деле анчалык кажети жоктур?


## Үркөрдөй топ үлкөн иш


Ал убакта шаардык аткаруу комитетинин аппаратында бардык техперсоналды кошкондо он чакты эле адам иштечүбүз. Ошол үркөрдөй топ менен көп иштерди бүтүрүүгө туура келчү. Ал тургай докладдарды да түн бир оокумга чейин тикирейип олтуруп өзүм жазчумун. Бирөөгө түртө салма деген нерсе жок эле.

Баса, ардактуу эс алууга чыкканга дейре Надежда Федоровна Некрытова жалпы бөлүмдү башкарып турду. Анын ишиндеги тактык ирээттүүлүк жана жыйнактуулук эсимден эгерим кетпейт. Шаардын жашоочуларынын бир дагы арыз, даттануулары көңүлдүн сыртында калчу эмес. Анан калса ал убакта бул маселеге өзгөчө маани берилчү эле да. Ошондой эле өзүмдүн пландоочум Касыбек Акматбекович Нуржановду алалы. Ал да өз атасындай ишке жоопкерчилик менен мамиле жасачу.

## Шаарды кимдер курушкан?

Ушул жерде мен кебимдин нугун куруучулар тууралуу өңүткө бурбасам болбойт. Биздин шаардын курулуш иштерин ал убакта «Кирсельстрой» ПМК—1 деген уюм аткарчу. Дал ушул курулуш уюму эң сонун курулушчуларды өстүрүп чыгарды. Алардын атын бүткүл өрөөндүн эли биле турган. Азыркы мезгилде экономикалык кысталыштан улам курулуш иштеринин тушалып турушу канчалык өкүнүчтүү. Ошол убакта жогоруда аталган курулуш уюмуна иштөө өтө ардактуу болгон. Аскерден кайткан уландар ошол курулуш уюмуна иштөөнү каалашчу. Себеби айлык акы жогору, квартиралар тезирээк берилип балдарды бала бакчага орноштуруу да жеңил болгон. Мен иштеген мезгилде ал курулуш уюмун Фагид Фазилович Байгелдинов, кийин Игорь Жарков, акырында Николай Павлович Балашовдор жетектешти.





□

Шаардын бейкутчулугу да көз жаздымдан калбайт. Шаардык ички иштер бөлүмүнүн начальниги, майор К. ЖАРКЫНАЛИЕВ кезектеги наряд учурунда.

□

Чебер уландарды тарбиялоодо шаардагы Т. КОНУШБАЕВ жетектеген балдардын спорттук мектебинин да даңазасы белгилүү.

□

Чынында акыркы начальник менен иштөө жеңил болгон жок. Ал бизди туура түшүнө албай иш бир топ татаалданды. Себеби, ошол убакта эле финансылык каражаттын өп-чаптыгы көкөйдү кесип турар эле. Эгер ушундай чоң ишканага абалды, жагдайды түшүнгөн жетекчи эмгектенсе шаардын мэрине өтө чоң колдоо боло тургандыгын турмуш далилдеди. Бирок мурдагы эки начальник менен иштөө өтө жеңил болду. Мисалы, Игорь Жарковдун мүнөзү татаал болгону менен ишти беш манжасындай билчү жана сапаттуу, ийине жеткире бүтүрчү. Биз өтүнүп сурангaныбыз дайыма орундалчу.

Жетимишинчи жылдардын башында ПМК медициналык окуу жайдын имаратын куруп берди. Турак жайлар да көбүрөөк курула баштады. Мына ошол жылдардан тартып Яков Яковлевич Вайсбеккердин ысымы даңазаланып, куруучулардын зоболосу көтөрүлдү. Анын атактуу бригадасынын куруучуларына дайым жооптуу участкалар бекитилип берилүүчү. Ошондой эле В. Чертов жана М. Мусаев сыяктуу бригадирлердин жамааттарынын иштери бүткүл өрөөнгө даңаза болгонун таластыктар унутпайт чыгар.

Жасалгалоочулардан Евгения Лукьяновна Галяминскаянын бригадасына тең келер жамаат жок болчу. Арийне, ал учурдагы МСОнун (колхоздор аралык курулуш уюму) начальниги Дмитрий Васильевич Елфимов жөнүндө да айта кетейин. Ал башкарган уюм шаардын курулушуна тикедентике жоопкер эмес эле. Бирок анткен менен биздин өтүнүч талабыбызды эки кылчу эмес. Маселен шаардын борбордук бөлүгүндөгү эски үйлөрдүн ордуна МСО жаңы турак жай үйлөрдү кура баштаганда биз Дмитрий Васильевичтен аманат банкынын жайын куруп кетүүнү сурандык эле, аны аткарып берди. Азыр банк ал үйдү бүтүндөй сатып албадыбы. Баса Петр Федорович Барсуковдун эмгегин кантип унуталы. Азыр да ал киши колунан келген үлүшүн шаар турмушуна кошуп жатат. Шаар тарыхын мына ушундай адамдардын өмүрү жана иштери түзгөн.

Талас шаарынын өсүп өнүгүшү дайым менин жүрөк толтомдо жана көз алдымда. Ал менде Мекен деген ыйык сезимди жаратты. Эми минтип көз мончоктой кооз шаарыбыздын жарым кылымга толуп олтурушу бардык шаардыктардын кубанычы жана сыймыгы. Биз аны мурдагыдай эле ынтымакта иштеп жашап келгендей эле абдан чоң азем, чоң салтанат менен тосуп алабыз.

# ЖЕРГЕБИЗГЕ кут конуп, элибизге ЫЙМАН БЕРСИН

**— Жакшыгүл Курамаевна сизди депутат, коомдук ишмер катары билебиз. Бирок Жогорку Кеңештин сессияларында трибунаны туткактаган — депутаттардын арасынан көрө албайбыз го?**

— Бул айтканыңызда калет жок. Ар кимибиз токтоо, сабырдуу, компетентүү болсок кана атаганат. Анан эле иштин жөн-жайын билбей эле микрофонго жабыша берүүнүн кажети не.



**— Сиз элибиздин келечегин кандайча элестетесиз?**

— Менимче элибиздин келечеги жакшы эле болот. Жөн жерден эле келечегибизди бүдөмүктөнттүп, тунгуюкка баратабыз деп асанкайгылануунун кереги жок. Башты бийик көтөрүп, иштешибиз керек. Ушундай куттуу элдин келечеги жаман болооруна дегеле ишенбейм.

**— Сизди карапайым адам катары эмне түйшөлтөт?**

— Адам катары мени кылмыштуулуктун өсүшү, тартиптин бошондугу тынчсыздандырат. Карапайым адамдарга социалдык жөлөк абадай зарыл. Кайрымдуулук, боорукерлик элибиздин асыл касиети. Бул касиет жок эл жок.

**— Талас шаары жарым кылымга толуп олтурат. Сиздин өмүрүңүзгө шаар кандай таасир калтырды?**

— Улуу агабыз Чынгыз «дүйнөнүн кай жеринде болсом дагы мен үчүн Таластан өткөн ыйык жер жок дегендей мен үчүн Талас шаарындай, Талас жергесиндей ыйык касиеттүү жер жок. Бир аз мезгилге эле сыртта жүрүп калсам Талас шаарын сагынып кетемин.

**— Хоббиңиз эмне?**

— Хоббим—ыр. Көмөкөйдү дирилдетип, созолонтуп ырдаганга не жетсин. Талас жергеси таланттардын уясы эмеспи.

**— Торколуу тойдо эли-журтубузга эмне тилек ыроолойт элеңиз?**


— Заманды күнөөлөбөйлү. Заманды, коомду адамдар өзгөртөт, жасайт. Анан эле заман бузулду деп коюп күнөөнү оодара салганыбыз жарабайт. Эң оболу пейилибизди оңойлу. Ошондуктан элибизге ыйман, жергебизге кут тилейм. Ылайым тилегим кабыл болсо экен.

**— Сиздин ак тилегиңизге биз да ортоктошпуз.**



**Шаардын коомдук турмушунда жетекчи - аялдардын да кошуп жаткан салымдары бараандуу.**

**СҮРӨТТӨ: (Солдон оңго) В. МИҢБАЕВА, Г. БЕКТУРГАНОВА, А. НУРЖАНОВА, Б. КУТМАНОВА, Н. ШАМШУДИНОВА.**



**Жакшы иштердин изи өчпөйт. А. АБДЫКЕРИМОВ жетектеген согуштун жана эмгектин ардагерлеринин бейтапканасынын эмгек жамааты тууралуу жакшы пикирлер айтылып келет.**





**Эмгегин эл баалаган инсандар Н. МЫРЗАКАНОВ жана Ч. КУШЧУБЕКОВ.**

# „ЫЙЫК МЕКЕНИМ бойдон кала берет“



Рейнгольд Петрович Лепп кыргыздар менен камыр жумур жашаган немис улутунун өкүлү. Кыргызча түш жооруйт. Динге ишенген, кең пейил, мээрман адам. Кудайга ишенген адамдардын баары бир тууган деп эсептейт. Жакын арада ал Талас жергесинен алыскы сапарга аттанып чыгаарда ат жалындагы маек курууга үлгүрдүк.

**— Рейнгольд Петрович, сиз жетектеген «Үмүт нуру» миссиясынын Таластагы бөлүмү жөнүндө окурмандар жакшы эле билет го деп ойлойбуз. Сиздердин миссия таластыктар тууралуу видеотасма тартып жүрөт деп уктук элек?**

— Ооба айтканыңызда калет жок. Германиянын «Корнталл» деген шаарында (немисче эгиндүү талаа) Бүткүл дүйнөлүк конференция өтөт. Анын демилгечиси «Чыгыштагы жарык нур» аттуу чоң миссия. Конференцияга дүйнөнүн ондогон өлкөлөрүнөн ар кандай миссиянын өкүлдөрү катышат. Ошол конференциянын уюштуруу комитети «сиздер камыржумур болуп жашап жаткан кыргыздар жөнүндө дүйнө элдери анчалык тааныш эмес. Эгер мүмкүнчүлүк болсо кыргыз элинин жашоосу, тиричилиги, каада-салты, руху тууралуу

кинотасма тартып берсеңер» деп өтүнүшкөн эле. Саша деген жигит тартып жүрөт, өзү Бишкекте жашайт. Кинотасманы тартууну Манас Атанын күмбөзүнөн баштадык. Күмбөздүн ичи-тышы, тегерек четин, Кең-Кол өзөнүнөн тарттык. Андан тышкаары жергиликтүү Талас элинин жашоо тиричилиги, жан дүйнөсү жөнүндө чагылдырууга аракет жасадык. Эски досум Биримкул Осмонкулов Бишкектен келген конокторду аябай сыйлады. Мурдараак Нарын жана Ысык-Көл тарапты тартканбыз. Саша жөнөп баратканда Талас элинин жан дүйнөсү кандай экен деп сурасам ал ыраазылыгынан сөз айталбай койду.

**— Фильм кайсыл өлкөлөрдө көрсөтүлөт?**

— Фильм Германия, Канада, Индонезия, Англия, Норвегия жана башка өлкөлөрдө көрсөтүлөт. Норвегияга кинотасманы өзүм ала барып көрсөтөм деген тилек бар.

**— Кандайча?**

— Норвегиялык миссия мени атайын чакырган.

**— Рейнгольд Петрович каны-жаныңызга аралашып калган Талас жергесин, Талас шаарын таштап кетүү сизге оорбу?**

— Кантип оор болбой койсун. Үч уул, үч кызыбыз, 29 неберебиз бар. Биерде бир эле уулум калып жатат, калгандарынын баарысы Германияда. Ошондуктан камынып-чомунуп, алыскы сапарга аттанып турабыз. Айла жок турмуш ушул экен. Талас жергесин таштап кетүү тим эле жүрөк тамырым үзүлүп жаткандай сезилүүдө, ичим ачышып, ыйлагым келип турат. Дүйнөнүн кай жеринде болсом дагы Талас шаары менин түбөлүк ыйык мекеним бойдон кала берет. Анан калса биерде ата-энемдин сөөгү да калып жатпайбы.

Менин кыргыз досторго аздыр-көптүр белегим калды. «Инжилди» кыргызчалаттым. Кайсыл ишеним, кайсыл дин болбосун максаты бирөө эле Кудайга ишенүү. Диндин касиети адамдарга адамдык касиеттерин билдирүү, анын анытын ачып берүү.

**— Рейнгольд Петрович сизге узак сапарыңызда байсалдуу ак жолду каалайбыз. Жүрөгүңүздө Талас шаары, жергеси тууралуу асыл ой такай жашап жүрсүн.**

# ЫРГА айланган өмүр



Шаардын борбордук бөлүгүндө тепкедей кичинекей үйдө айтылуу акын Асан Токоев жашайт. Жакында ат тизгинин буруп, учурушаша кетели деп кайрылып, кобураша калдык эле ичкеридеги бөлмөдөн азиз акындын «Ой сен Нуржансыңбы» деген коңур үнүн угуп акындын сезимталдыгына таң калдык.

Ошентип куркулдайдын уясындай чакан үйдө Асакем өзү айткандай өзү, өмүрлүк жубайы Сылан эже жана ыр дербиши даарыгандай ыр кереметти менен жашап жатканына күбө болууга туура келди. Анткени заңгыраган муздак ак сарайлардан эмес жөнөкөй», кичинекей тамдан ыр дүйнөсү агылып төгүлүп жатты. Кептин кыябы келгенде тээ отуз, кырк жыл мурда өткөн таластык акын досторунун ырларын коңур үнү менен куюлта төгүп, өзүнүн да ырларын да жатка айтып, чери жазылып, шаардын жарым кылымдык тоюна төмөнкү ыр серпимдерин тартуу кылды. Минтүүгө Талас шаарынын бир бурчунда бүт өмүрүн кечирип жаткан, аңызга айланган акындын акысы бар эле.

Дүйнөгө болгон таанымал,
Дүңгүрөп Талас шаңы бар.
Кош өзөн суудан жиберген,
Кошойдун жаккан шамы бар.

Агынын бойлоп келатат,
Ажыбай, Бакай дагы бар.
Ободо жанган жылдыздай,
Каныкей апам дагы бар.

Элүүгө араң чыкса да,
Шаарыбыз али жаш бойдон.
Кубанып даам таткыла,
Куттуктап турган ак тойдон.

Дүйнөнүн ордо шаарындай
Дүңгүрөп дүйнө карасын.
Миң жашка чыкса Манасым,
Миң жашка чыккын Таласым.



# Талпын, ТАЛАС!



**Шаарыбыздын басма сөз тармагында жигердүү эмгек өтөп, замандашыбыз журналист - акын Түлөн АКМАТААЛЫ уулу урпактарга из калтырып, сапар улап келет.**

Таң нурунда татты уйкудан ойгонгон,
Талас шаары татынакай, сүйкүмдүү.
Таалайлары достук менен ачылган,
Тагдырлар бар мазмууну миң түрлүү.

Жай аптабы, кышкы аяздан калкалап,
Жашыл токой кучак жайып кулпурат.
Жаркын маанай, жакшы ниет бийлеген,
Жаш карысы өргө карай умтулат.

Мээрим менен меймандостук артылып,
Мекенимдин болгун бийик өрнөгү.
Даңкың чыгып, даңазаң да көбөйүп,
Түш тараптан келип турсун көргөнү.




Булбулдай үнүн безеп. көргөндү кумарлантып, укканды тамшандырган, шаардыктар сыймыктанган ырчы келин Анара НУРБЕКОВА.



Өз өнөрлөрү менен жердештерибиздин арзуу-сыйына арзыган өнөрпоздор **АРЗЫКАН** жана **ИСМАИЛ АЛИШЕВ**дер.

# ТАРЫХ барактарынан



Согуштун жана эмгектин сыймыктуу ардагерлери Ж. ТОКТОНАЛИЕВ, С. ЖАМАНКУЛОВ, Ө. ШАМБЕТОВ, Р. КАНАЕВ, И. В. БЕРЕСТОВ. Ж. ТУРСАЛИЕВ, И. Н. АФАНАСЕНКО жана Г. Е. ПЕРЕВЕРТОВ.

✦ **1874-жыл:**

— Орус көчмөндүлөрүнүн алгачкы он эки үй-бүлөсү (Воронеж губерниясынын Богучар уездинен) Ак-Чий айылына (Талас дарыясына жакын) келишип, үй-жай курушуп, отурукташа баштайт.

✦ **1877-жыл:**

— Ак-Чий айылы Ауле-Ата уездинин карамагында атайын каттоодон өткөн.

✦ **1889-жыл:**

— Чиркөөнүн алдында бир класстуу мектеп ачылат. Ага алгач он окуучу кабыл алынган. Биринчи мугалим, чиркөө кызматкери — Гостев Мотвей Максимович болгон.

✦ **1891-жыл:**

— Ак-Чийде алгачкы Чиркөө ачылган. Ал касиеттүү Дмитрийге арналган. Ошол жылы Ак-Чий айылы Димитревка айылына которулган.

✦ **1892-жыл:**

— Орус «көчмөндүлөрүнүн» экинчи тобу келген.

✦ **1914-жыл:**

— Димитревка айылында 200 түтүн эл отурукташып калган. Айылды уездин өкүлү Каллаур В. А. жана чиркөө кызматкери Иоанн Фивейский башкарып турушкан.

✦ **1917-жыл:**

— Ауле-Ата уездинде Совет бийлиги киргизилген.

✦ **1918-жыл, август:**

— Мамлекетке дан эгинин даярдоого каршы Димитревка айылында кулактардын көтөрүлүшү чыгат.

Көтөрүлүштү Чимкент полкунан кызыл гвардиячылар отрядына жетекчилик кылган офицер В. Романенко баскан.

✦ **1919-жыл:**

— Димитревка айлында участкалык жалгыз дарылоо жайы болгон. Анда болгону жалгыз дарыгер, эки фельдшер эмгектенишкен.

✦ **1924-жыл:**


— Талас кантону уюшулуп, ал Кара-Кыргыз автономия облусуна караган. Димитревка — Талас айлына которулган. Ал кантондун борбору болуп калган.

✦ **1925-жыл:**

— Таласта биринчи жолу «Тартип» деп аталган коом — ТОЗ (жерди шериктешип иштетүү) уюшулган. Анын башкаруучусу Т. Кузьмин эле. Бул шериктеш коом «Фордзон» тракторун кантонго 1926-жылы сатып келишкен. Анын рулуна биринчи тракторист Сильченко В. М. отурган.



Талас жергесиндеги алгачкы өнөр жай ишканаларынан болгон областтык басмакананын эмгек жамааты.



**Шаардагы жигердүү эмгек өтөп жаткан белгилүү өнөр жай ишканалардын бири — Талас сүт комбинаты.**

✦ **1926-жыл:**

— Кара-Кыргыз автономия облусу Кыргыз АССРи болуп кайра түзүлгөн. Ошол жылы Таласта жергиликтүү Кеңешке шайлоо биринчи жолу өткөрүлгөн.

✦ **1929-жыл:**

— «Тартип» шериктеш коому 80 түтүн элди баш коштурган В. И. Ленин атындагы колхозго айландырылган (азыркы А. Нуржанов атындагы колхоз). Заиченко Григорий Сергеевич анын башкармасы болуп шайланган.

✦ **1930-жыл:**

— Талас айлында МТС уюшулган.

✦ **1935-жыл:**

— Телефон—телеграф линиясы курулуп, ал Талас менен Фрунзе шаары жана өрөөндүн башка мерчемдүү жерлери менен байланышка чыккан.

✦ **1936-жыл:**

Таласта типография ачылып, ошол жылы «Талас колхозчусу» деген газета да чыга баштаган.

✦ **1937-жыл:**

— Талас шаарында санитардык эпидемология станциясы ачылып, анын алгачкы башкаруучусу болуп фельдшер Купицкин П. П. дайындалган.

✦ **1939-жыл:**


— Май-быштак чыгаруучу завод уюшулган.

✦ **1942-жыл:**

— Турмуш-тиричилик комбинаты ачылган.

✦ **1944-жыл:**

— 22-июнда Кыргыз ССР Жогорку Советинин Указы менен Талас айылы Талас облусунун административдик борбору — Талас шаары болуп уюшулган.



**Шаардыктардын сүйүктүү эс алуу жайы — стадион.**

* Китептин текстин жазып,
чыгышына жооптонгондор:

Нуржан КАСЫМБЕКОВ
Козубек ИМАНКУЛОВ,

Сүрөттөрүн тарткан
Шекербек САРТОВ менен
Рысбек ИСМАЙЛОВ,

Көркөмдөгөн редактор
Абдулин ЖУМАЛИЕВ,

Техникалык редактор
Болот ИБРАИМОВ,


* Кагаздын форматы 60x84/16,
3 басма табак, Нускасы 10000.
Эркин баада сатылат.
Жогорку ыкма менен Талас обулустук
басмаканасында басылды.

722720, Талас ш. Ленин көчөсү 271.

Талас 1994. Зак. 510—10000/48



Нуржан КАСЫМБЕКОВ.



Козубек ИМАНКУЛОВ.

## УРМАТТУУ ОКУРМАН!

БЫЙЫЛ, 1994-ЖЫЛДЫН 22-ИЮНЬ КҮНҮ ТАЛАС ЖЕРГЕБИЗДИН ОРДО ШААРЫ, ТАТЫНА КАЛААБЫЗ ТАЛАСКА 50 ЖЫЛ ТОЛОТ!

ТАЛАСТЫКТАРДЫ ЖАНА АНЫН АЛЫСТАН АТ АРЫТЫП КЕЛИШКЕН ЫЗААТ-СЫЙЛУУ МЕЙМАНДАРЫН ЭСТЕ КАЛЧУ МЫНДАЙ МААРАКЕ-ТОЮНА КУТТУК АЙТЫП, КУТ КОНГОН ШААРЫБЫЗДЫН ӨМҮР ЖОЛУН КАМТЫГАН КОЛУҢУЗДАГЫ ЧАКАН КИТЕПЧЕНИ ТАРТУУ КЫЛЫП ОЛТУРАБЫЗ!

ТОЮНАР ТОЙГО УЛАНСЫН!